**Демократиялык институттар жана адам укуктуры боюнча ЕККУнун бюросу**
**Шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясы**
**Кыргыз Республикасы**
**Президенттик шайлоо, 15-октябрь 2017-жыл**

**Аралык отчет**
**5–26 сентябрь 2017 жыл**

**29- сентябрь 2017 жыл**

# I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

- Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо 2017-жылдын 15-октябрына дайындалды. Кыргыз Республикасынын Президенти бир гана жолу алты жылдык мөөнөткө шайлана алат. Эгерде биринчи турдун жыйынтыгы боюнча, президенттик кызматка талапкерлердин бири да шайлоочулардын добушунун жарымынан көбүн ала албаса, эң көп добуш топтогон эки талапкердин ортосунда экинчи тур болот. Экинчи турду өткөрүү мөөнөтү мыйзамда так көрсөтүлгөн эмес.

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК), президенттик кызматка ат салышкан 13 талапкерди каттоодон өткөрдү, анын арасында 1 аял талапкер бар. Талапкерлердин бешөөсү саясий партиялар аркылуу каттоодон өткөн, ал эми калган сегизи өзүн-өзү көрсөткөн. Жалпысынан, БШКна президенттик кызматка талапкерлигин билдирүү тууралуу 59 арыз келип түшкөн, анын ичинен тогузу өз талапкерлигин алып салган, калган отуз жетиси талаптарга жооп бере албагандыктан шайлоодон четтетилген. Талапкерлердин бирөөсү өз талапкерлигин шайлоого каттоо жүргүзүлүп бүткөндөн кийин алып салды.

- БШКсы үзгүлтүксүз түрдө коомдук угууларды өткөрүп турат жана башка шарттарды мыйзамда белгиленген мөөнөттө аткарат. Шайлоону уюштуруу үч деңгээлде жүргүзүлөт: БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиясы (АШК) жана 2300 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК). АШКры ЕККУ\ДИАУБ шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясы (ШБМ) тарабынан талапка ылайык жабдылган жана толук иштөөгө мүмкүнчүлүгү бар деп деп табылды.

- Добуш берүү тизмеси 3 миллионго жакын биометрикалык каттоодон өткөн, добуш берүү укугуна ээ жарандардын санынан түзүлдү. Добуш берүүчүлөрдүн тизмеси коомчулук тарапка ачык жана шайлоочулардан келип түшкөн арыздардын негизинде оңдоого, толуктоого, же убактылуу шайлоо дарегине которулууга мүмкүн. Добуш берүүчүлөрдүн тизмесин түзүүдө ЕККУ\ДИАУБ ШБМсы тарабынан оң баа берилди, бирок, ошол эле убакытта, жарандардын көпчүлүк бөлүгү, айрыкча чет өлкөдө жашап жаткан жарандар, биометрикалык каттоодон өтпөгөндүктөн добуш берүү тизмесине кирбей калган.

- Шайлоо өнөктүгү 10 сентябрдан башталды. Бүгүнкү күнгө алганда, талапкерлердин кээ бири гана шайлоо өнөктүгүн өздөрүнүн областардагы штабдары аркылуу активдүү түрдө өткөрүп жатат. Шайлоо өнөктүгү башталгандан кийин эки талапкер башка талапкерлерди колдоосу тууралуу коомчулукка ачык жарыялады. Административдик ресурстарды туура эмес колдонуу, добуш берүүчүлөргө басым көрсөтүү жана добуштарды сатып алуу боюнча ЕККУ\ДИАУБ ШБМсына бир нече маалымат келип түшкөн.

- Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга киргизилген соңку өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык, шайлоо өнөктүгүн каржылоо максатында, талапкердин өз каражаттарына жана башкалардын ыктыярдуу каражат берүүлөрүнө коюлган чектөөнү кеңейткен жана шайлоо

фондунун чыгымдарынын чегин алып салды. Шайлоону каржылоо булактарын көрсөтүү мыйзамда каралган эмес.

- Шайлоо жөнүндөгү мыйзамда көрсөтүлгөндөй, жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) коомдук пикирди түзүүдө анык жана объективдүү маалыматты жайылтууга жана баардык талапкерлерге бирдей мамиле кылууга милдеттүү. Бирок, бул мыйзамды аткарылышын көзөмөлдөгөн бир да институт жок экен. Талапкерлерге акысыз эфир берүүнү камсыздоого ылайык, коомдук телеканалдарда бир нече дебаттардын өткөрүлүүсү күтүлүүдө. Соңку кездерде, мамлекеттик кызматкерлер тарабынан ЖМКга коюлган доолордун өлчөмү эбегейсиз зор болгондугу айтылууда. Бул иш-аракеттер сөз эркиндигине таасир тийгизиши мүмкүн.

- Талапкерди каттоодо, талапкерлер жана ЖМК аркылуу шайлоо өнөктүгүнүн жол жоболорун бузууда жана ошондой эле административдик ресурсту пайдаланууда кетирилген катачылыктардын негизинде БШК тарабынан 40ка жакын арыз каралып чыккан. Келип түшкөн арыздар боюнча БШК тарабынан кабыл алынган чечимдердин дээрлик бардык бөлүгү сотто каралган.

- 2017-жылдын 5 - сентябрында Европадагы коопсуздук жана кызматташуу уюмунун Демократиялык институттар жана адам укутары боюнча бюросу (ЕККУ\ДИАУБ) Бишкек шаарында жана аймактарда жайгашкан 17 негизги жана 26 узак мөөнөтүү байкоо жүргүзүү топторунан турган, шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын ачты.

## II. КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо 2017-жылдын 15 октябрына дайындалды. Бул күндү дайындоо Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын негизинде (мындан ары шайлоо жөнүндөгү мыйзам) жүргүзүлдү жана алгач 19 ноябрга белгиленген кундөн бир ай эрте мөөнөткө жылдырылды. Мунун негизги себеби - учурдагы президенттик орунду ээлеп турган кызматкердин иш оордун бош калтырбоо болду.

5-сентябрь күнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК) тарабынан жөнөтүлгөн чакыруунун негизинде иш алып бара турган Европадагы коопсуздук жана кызматташуу уюмунун Демократиялык институттар жана адам укутары боюнча бюросу (ЕККУ\ДИАУБ) шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын ачык деп жарыялады. Элчи Александр Кельчевски жетектеген миссия Бишкек шаарында жана аймактарда жайгашкан 17 негизги жана 26 узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү топторунан турат. 13 сентябрь күнү узак-мөөнөтүү байкоо жүргүзүү топтору 10 аймакка жөнөтүлдү. ЕККУ\ДИАУБ ШБМсы 23 ЕККУна мүчө болгон малекеттен келген топтон. ЕККУ/ДИАУБ мүчө мамлекеттерден шайлоо күнүнө карата добуш берүү, добуштарды саноо жана жыйынтыктарды чыгаруу жараянына байкоо жүргүзүү үчүн 350 кыска мөөнөттүү байкоочуларды (КМБ) жиберүүсүн суранган. Буга чейин ЕККУ/ДИАУБ Кыргызстанда болуп өткөн тогуз шайлоолорду жана бир референдумду өткөрүүдө байкоо жүргүзгөн.[1]

## III. НЕГИЗГИ МААЛЫМАТ ЖАНА УЧУРДАГЫ САЯСИЙ АБАЛ

2017- жылдагы президенттик шайлоо 2010-жылы кабыл алынган учурдагы Конституцияга ылайык экинчи жолу өткөрүлүүдөө. Ага ылайык, учурдагы президенттик орунду ээлеп турган

[1] ЕККУ/ДИАУБнун Кыргызстан тууралуу мурунку отчетторун көрүнүз.

кызматкер эки ирет президент болуп шайлана албайт. Акыркы жолу Кыргыз Республикасынын конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор 2016- жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин бир нече мүчөлөрү тарабынан сунушталган. Алардын арасына президент А. Атамбаев жетектеген Кыргызстан Социал-демократтар партиясы (КСДП) кирген. Мыйзамга ылайык 2020-жылга чейин Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө тыюуу салынгандыгына байланыштуу, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушу оппозиция жана жарандык коомдун өкүлдөрү тарабынан каттуу сынга алынган. Бул өзгөртүүлөр жана толуктоолор 2016- жылдын декабрь айында өткөн референдумда кабыл алынган. Ал толуктоолор мамлекеттик бийлик бутактарынын ажыратуу принцибине жана сот системасынын көз карандысыздыгына таасир этти. ЕККУ/ДИАУБсу жана Европа Кеңешинин Мыйзам аркылуу демократияны орнотуу Европалык коммисиясы (башкача айтканда Венеция Комиссиясы) ал кабыл алынган өзгөртүүлөр мыйзамдын үстөмдүгүн жана адам укуктаарын коргоодо терс таасирин тийгизээрин билдирди.[2]

2015-жылы өткөн пралменттик шайлоонун жыйынтыгында 6 (алты) пратия өттү: (Ата-Мекен, Бир-Бол, Кыргызстан, Өнүгүү-Прогресс, Республика – Ата-Журт жана КСДП). 2016-жылдын ноябрь аыйнда КСДП баштаган көпчүлүк коалициясына Бир-Бол жана Кыргызстан партиялары кирди.

## IV. УКУКТУК НЕГИЗ ЖАНА ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ

Президенттик шайлоо негизинен 2010-жылы кабыл алынган Конституциясы, 2011-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамы жана 2011–жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) жөнүндө жана башка мыйзамдар аркылуу жөнгө салынат.[3] Шайлоону өткөрүүдө БШК өзүнүн компетенциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык нормативдик документтерди кабыл алууга укуктуу.

2017-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жөнүндө мыйзамына онлайн медиа, шайлоочулардын тизмеси, шайлоочуларды аныктоо, шайлоо күнү аткарыла турган процедуралар, шайлоо өнөктүгүн каржылоо, шайлоо күрөөсү жана коомдук байкоочунун статусу жөнүндө жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.

Кыргыз Республикасынын Президенти алты жылдык мөөнөткө тең жана тике шайлоо укугу аркылуу өткөрүлөт. Биринчи турда жалпы добуштун жарымынан көбүн топтогон талапкер президент болуп шайланат. Эгерде биринчи турда президенттик кызматка талапкерлердин бири да шайлоочулардын добушунун жарымынан көбүн ала албаса, эң көп добуш топтогон эки талапкердин ортосунда экинчи тур болот. Экинчи тур, биринчи турдун жыйынтыктары жарыялангандан кийин эки жумадан эрте эмес убакытта өткөрүлөт жана экинчи турду өткөрүүнүн так күнү БШК тарабынан 20 күндөн кечиктирилбей белгиленет. Добуш берүүчүлөрдүн санына болгон эч кандай чектөөлөр жок жана шайлоонун эки туруна тең таасирин тийгизбейт.

---

2 “Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү” тууралуу ЕККУ/ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын мыйзам долбоору жөнүндөгү биргелешкен корутундуну караңыз. Толуктоолордун жана өзгөртүүлөрдүн көпчүлүк бөлүгү 2017-жылдын январь айында күчүнө кирген, ал эми президенттик жана парламенттик бийлик боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор 2017-жылдын 1- декабырында күчүнө кирет.

3 1999-жылы кабыл алынган саясий партиялар жөнүндөгү мыйзам, 2012-жылы кабыл алынган Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзам, 1998-жылы кабыл алынган Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс, 1997-жылы кабыл алынган Кылмыш-жаза кодекси.

# V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

Келе жаткан шайлоолорду үч деңгээлден турган шайлоо комиссиялары башкарат: БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиялар (АШК) жана 2300гө жакын участкалык шайлоо комиссиялары (УШКы). Өлкөдөн сырткары добуш берүү Кыргыз Республикасына караштуу элчиликтерде жана консульстволордо жайгашкан 37 шайлоо участкалырында өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы туруктуу жана коллегиалдуу орган. БШКнын курамы беш жылдык мөөнөткө түзүлөт жана он эки мүчөдөн турат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Борбордук шайлоо комиссиясынын курамынын: төрт мүчөсүн - Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча, төрт мүчөсүн - парламенттик көпчүлүктүн жана төрт мүчөсүн - парламенттик оппозициянын сунушу боюнча түзөт.[4] БШК тарабынан өткөрүлүп жаткан жыйындар ачык жана кызыкдар тараптардын катышуусу менен өтөт.[5] БШК тарабынан өткөрүлөн жыйындарга ЕККУ\ДИАУБ ШБМсы катышкан жана олуттуу делген маселелерди көтөрүп чыгуу менен бирге БШК мүчөлөрү жана талапкердин өкүлдөрү менен кенен талкуулорду жүргүзгөн. Кээ бир учурларда жыйындар курч мүнөздө өтүүдө жана БШК мүчөлөрүнүн арасындагы жаралган пикир-келишпестиктен улам БШК тарабынан кабыл алынган бир чечимге терс таасирин тийгизди.

БШКнын кээ бир мүчөлөрү жыйындын кун тартибин жана БШКнын токтомдорунун долбоорлорун жыйын башталардан бир аз убакыт калганда гана алып аткандыгын коомчулукка билдирди жана өз убагында толук даярдана албай калгандыгын айтышты.[6] Ошол элу учурда, БШК жыйындын күн тартиби боюнча маалыматты жыйын аяктагандан кийин өздөрүнүн веб-сайтына жайгаштырууда, жыйындын катышуучулары, байкоочулар, жыйындын күн тартиби боюнча маалыматты электрондук почта аркылуу жыйын башталаар алдында гана алууда.

БШК тарабынан кабыл алынган чечимдер БШКга мүчө болгон көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат. Бирок, ошол эле учурда, БШК мүчөсү жыйынга катышуу мүмкүнчүлүгү жок болсо, “макул” же “каршы” добушун алдын ала, жазуу түрүндө калтырып кетүүгө болот.[7]Бир нече учурларда берилген добуштар эсепке алынды жана саналды, бирок кээ бир чечимдер тиешелүү жыйындарда кайрадан каралып чыкты.

АШКлар жана УШКлар эки-жылдык мөөнөткө түзүлөт.[8] ЕККУ\ДИАУБ ШБМсы тарабынан АШКларынын келе жаткан шайлоолорду өткөрүүдөгү техникалык даярдыктарын карап чыгып, АШКлары керектүү жабдуулар менен жабдылган жана толук иштөө мүмкүнчүлүгү бар деп табылган. Жалпысынан алганда, АШК мүчөлөрүнүн арасында аял кишилердин саны 48%ды түзөт, анын ичинен 33% АШКнын төрайымдары.

Мыйзамга ылайык, мүмкүнчүлүгү чектелген Кыргыз Республикасынын жараандары саясатка катышууга, башкача айтканда, талапкер катары катталууга жана шайланууга, жыйындарга катышууга, жана маалыматтарды алууга укугу бар.[9] Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык

---

4 БШКнын курамынын азыркы 12 мүчөсүнүн 5 мүчөсү аял киши, анын арасында БШК төрайымы жана анын эки орун басарларынын бири бар.

5 Шайлоо күнү дайындалгандан баштап БШКсы тарабынан 60ка жакын жыйындар өткөрүлүп, 250гө жакын ар түрдүү чечимдер кабыл алынган жана жоболор иштеп чыгарылган.

6 20-сентябрь күнү БШКнын төрт мүчөсү пресс жыйын өткөрүп, өз көйгөйлөрүн билдирди.

7 КР БШКнын Регламентинин 25 беренесине ылайык, эгерде БШК мүчөсү жүйөлүү себептерден улам жыйынга катыша албаса, жыйындын күн тартибинде каралуучу маселелер менен алдын-ала таанышып, өз чечимин жазуу түрүндө калтыра алат. Мындай учурларда ал БШК мүчөсү добуш берди деп саналат.

8 Ар бир Комиссиянын тең жарымын саясий партиялар, ал эми калган жарым бөлүгүн жергиликтүү Кеңештер сунуштайт. Ар бир саясий партия АШКларына жана УШКларына бирден гана мүчөнү дайындай алат.

9 2008-жылы кабыл алынган мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укуктары жана гарантиялары.

мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн шайлоого катышуу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүүсү керек. 2017-жылдын апрель айында БШК тарабынан атайын жумушчу топ түзүлдү жана алардын жардамы менен ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын шайлоо укугун камсыздоо үчүн иш-чаралар өткөрүлдү. Жумушчу топтун курамына мамлекеттик, өкмөттүк эмес уюмдардын жана Бишкек шаардык администрациясынын өкүлдөрү кирди. ЕККУ\ДИАУБ ШБМсынын жарандык коомдон келген маектештери жумушчу топтун иш-аракеттерине оң баа берет, бирок убакыттын тарлыгына байланыштуу, кээ бир аракеттердин бардык УШКда убагында иш жүзүнө ашпай калуу ыктымалы жөнүндө билдирет.

Бардык шайлоо участкаларында автоматтык эсептөөчү урналар орнотулган. БШКсы УШК мүчөлүрүнө автоматтык эсептөөчү урналарды колдонуу боюнча атайын окутууларды уюуштурду. Ошондой эле, БШК добуш берүүчүлөр жөнүндө, өзгөчө добуш берүүчүлөрдүн тизмеси жана добуш сатып алуу жөнүндө кыскача маалыматты даярдады жана коомдук телеканал аркылуу эфирге чыгарды, алардын ичинен бирөөсү сурдокоторуу аркылуу эфирден орун алды.

## VI. ДОБУШ БЕРҮҮЧҮЛӨРДҮ КАТТОО

Конституцияга ылайык добуш берүү укугу 18 жашка толгон жарандарга гана берилет. Жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажырытылгандар жана соттун чечими аркылуу укугу чектелген адамдар добуш берүүгө катыша албайт. [10]Мындан сырткары, шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн, жарандар Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) аркылуу биометрикалык маалыматты тапшыруусу зарыл.

Добуш берүүчүлөрдү каттоо системасы пасивдүү фомада жургүзүлөт. Добуш берүүчүлөрдүн тизмесине кирүү бүткүл өлкө боюнча өткөрүлөт. МККнын калкты бирдиктүү каттоо (КБК) электрондук системасы МККты тарабынан иштетилет жана жаңыланат. 21-сентябрга карата алынган так маалыматка караганда, жалпы добуш берүүчүлөрдүн саны 2 973 525ке жетти.[11] ЕККУ\ДИАУБ ШБМсынын маектештери добуш берүүчүлөрдүн тизмеси боюнча оң баасын берди бирок, ошол эле убакытта, жарандардын көпчүлүк бөлүгү, айрыкча чет өлкөдө жашап жаткан жарандар, биометрикалык каттоодон өтпогөндүктөн добуш берүү тизмесине кирбей калганын билдирди.

16-августтан баштап ар бир жаран өзүн добуш берүүчүлөрдүн тизмесинен онлайн же УШКна берилген тизмеден тактоого мүмкүнчүлүк алды.[12] Добуш берүүчүлөр өздөрү жөнүндө маалыматты оңдоо, системага киргизүү, же шайлоо дарегин убактылуу алмаштыруу жөнүндө арыздарды 29- сентябрга чейин бере алат. 25-сентябрга болгон МККнын ЕККУ\ДИАУБ ШБМна берген маалыматына караганда 129 789 добуш берүүчү өздөрүнүн добуш берүү даректеринин алмашуусу тууралуу арызын кабыл алган жана шайлоо күнү ал даректер боюнча шайлоого катышууга укук алган. Ал эми 12 067 жаран башка өзгөртүүлөр боюнча өз

---

[10] Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укугу жөнүндө Конвенциянын (МЧАУК) 29-беренесине ылайык "Кыргыз Республикасынын мүмкүнчүлүгү чектелген жараандардын саясий жана коомдук жашоого толук катышууга кугу бар: анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген жараандардын шайлоого катышууга жана шайланууга укугу бар". Эң негизгиси, мүмкүнчүлүгү чектелгендигине жараша эч кандай чектөөлөр жок. Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан МЧАУКна 2011-жылы кол коюлган, бирок КР ЖК тарабынан азыркы күнгө чейин ратификацияланган эмес.

[11] КРнын Улуттук статистика комитетинин маалыматына карата 3 876 985 кыргыз жарандарынын саны 18 жаштан жогору.

[12] Добуш берүүчүлөр өздорү жөнүндө маалыматты shailoo.srs.kg веб-сайтынан, же болбосо МКК телефонуна байланышуу же СМС жөнөтүү аркылуу тактай алат. 25-сентябрга карата 169 050гө жакын СМС жана 33 119 арыз келип тушкөн.

арыздарын беришкен.[13] Биометрикалык маалыматты тапшыра элек жарандар УШК тарабынан 127 биометрикалык каттоодон өтүү жайларына жиберилген. Мыйзамга ылайык, добуш берүүчүлөрдүн так саны БШКнын веб-сайтына жайгаштырылат жана анын кагаз көчүрмөсү УШКларга 12 октябрдан кечиктирилбей берилет. Добуш берүүчүлөр добуш берүү үчүн көчмө үкөк аркылуу шайлоосу жөнүндө 12 октябрга чейин билдирүүсү зарыл.[14]

Шайлоо күнү, добуш берүүчүлөр өздөрүн идентификациялоо боюнча жабдуу аныктай алат жана бул система участкалардагы добуш берүүчүлөрдүн электрондук тизмесин камтыйт. МКК өздөрүн идентификациялоо боюнча жабдууну колдоонуу үчүн атайын операторлорду окутту жана байкоочулардын катышуусунда ал жабдууларды текшерүүдөн өткөрдү

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КӨРСӨТҮҮ ЖАНА КАТТООДОН ӨТКӨРҮҮ

Кыргыз Республикасынын президентинин кызматына жашы 35тен 70ке чийинки, өлкөнүн ичинде 15 жылдан ашык туруктуу жашаган жана мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн кыргыз жарааны талапкер болуп каттулууга укуктуу.[15] Добуш берүү укугуна ээ боло албаган, кылымыш жазасын акырына чейин өтөп бүтпөгөн же мыйзамга ылайык аны жое элек жарандар каттоодон өтүүгө шайлоо жөнүндө мыйзамдын негизинде тыюу салынат[16]. Талапкерлер, саясий партиядан же өзүн-өзү көрсөтүү аркылуу шайлоого аттана алат.

Шайлоого катышып жаткан ар бир талапкер шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн өз шайлоо фондун түзүүгө жана шайлоо каражаттары тууралуу тастыктоочу документтерди берүүгө милдеттендирилет. [17]Андан кийин, талапкерлерден, өз талапкерлигин каттоодон өткөрүүсүү үчүн зарыл болгон 30 000 кишинин колу коюлган баракчаны тапшыруусу талап кылынат. Алардын 20%га жакыны БШК тарабынан капысынан терилип, андан кийин текшерилет.[18] Кол коюлган баракчаларды текшерүү процесси талапкерлердин өкүлдөрүнүн катышуусу менен ачык жүргүзүлөт, бирок, бул текшерүү процессине коомдук байкоочулардын катышууга укугу жок.

Талапкерлерди каттоо мөөнөтүнө ылайык, 31 августка чейин БШКна Кыргыз Республикасынын президенттик кызматына талапкерлерден 59 арыз келип түшкөн, алардын арасында 7 аял киши болгон. Анын ичинен саясий партиялар аркылуу 11, өзүн –өзү сунуштоо аркылуу 48 талапкер каталган.[19] Тогуз талапкер өз талапкерлигин каттоо баштала электе эле алып салган, калган 37 талапкерге шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүүдө, керектүү кол коюу баракчаларын топтоодо же мамлекттик тил экзаменинен өтпөй калгандыгына байланыштуу БШК тарабынан каттоодон баш тартылган. Ал эми 7 талапкер БШКнын чечимин сотко кайрылуу аракеттерин жасашкан, бирок сот ал арыздарды канаатандырган эмес.

[13] МКК маалыматына карата 43 395 жаран Бишкек шаарына жана 28 216 жаран Ош шаарына которулгандыгы тууралуу маалымдаган.Бишкек шаарында 33 кошумча шайлоо участкалары шайлоо даректерин убактылуу Бишкек шаарына которулгандар түздү.

[14] Добуш берүү үчүн көчмө үкөк добуш берүүгө жөндөмдүүлүгү чектелген же ден-соолугу начар, алардын ичинде бейтапканада жаткандар же абактагылар, о.э. алыс жакта жашагандар, учурда алыскы жактарда аскердик кызмат өтөп жаткандар добуш берүүгө 14- октябрь күнү катыша алат.

[15] 2017-жылдагы өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык ар бир талапкер мамлекеттик тил сынагын өткөндүгү тууралуу сертификатты тапшыруусу зарыл.

[16] Президенттике талапкер Ахматбек Келдибеков кылымыш ишинин жабылбагандыгына байланыштуу (мөөнөтү 19 ноябрда бүтөт) каттоодон четтетилди.

[17] 2017-жылдагы шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык шайлоо күрөөсү 1 миллион сомго чейин көтөрүлгөн (12 200 еврого жакын). 1 евро 82 сомго жакын. Шайлоо күрөөсү бүткүл добуштун 5% га жакынын ала алган талапкерге кайтарылып берилет.

[18] Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык кол коюлган баракчаларды текшерүү толук же жартылай түрдө жүргүзүлөт. Топтолгон колдордун жарактуулугу жана текшерүү процесси БШКнын 165 сандуу 2017-жылдын 17 – июнда чыккан нускамасында көрсөтүлгөн.

[19] Өзүн-өзү сунуштаган талапкерлердин арасынан бир нечеси саясий партияга таандык экендиги белгилүү.

Талапкерлерди каттоо мөөнөтү бүткөн убакытка карата (10 сентябрь) 13 талапкер катталган, алардын ичинде 1 аял киши, жана 5 саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкерлер кирген. Талапкерлер шайлоого үч күн калганда өз талапкерлигинен баш тартууга укуктуу.

ЕККУ\ДИАУБ тарабынан мурда берилген рекомендацияларга карабастан, талапкерди каттоодон чыгарып салуусу үчүн мыйзам кенен жол берет, алардын себеби катары шайлоо өнөктүгүн каржылоо жоболорунун жана шайлоо өнөктүгүнүн эрежелеринин бузулуусу, же болбосо талапкер же анын ыйгарым өкүлдөрү тарабынан добуш сатып алууга катышуусу эсептелет.

## VIII. ӨНӨКТҮК ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО

Шайлоо өнөктүгү 10-сентябрда башталды жана 13-октябрга чейин созулат.[20] 16-сентябрда президенттике ат салышкан 5 талапкер шайлоо мыйзамына баш ийүү, бири-бирин урматтоо жана саясий оппоненттерине толеранттуу мамиле жасоо, мамлекеттик ресурстарды пайдаланбоо жана добуштарды сатып албоо максатында абийир кодексине кол коюшту.

Кээ бир гана талапкерлер жана алардын аймактык өкүлчүлүктөрү өлкөнү аралап, шайлоо өнөктүгүн активдүү жүргүзүшүүдө. Өмүрбек Бабанов жана Сооронбай Жээнбековдун өнөктүн баштапкы эки жумасында үгүт материалдары баарынан көп көрсөтүлүүдө, алардан кийин талапкер Темир Сариев болууда.

Өнөктүк башталгандан кийин талапкер Бакыт Торобаев талапкер Бабановту колдоп берүү келишимине кол койду. Ал келишим боюнча, Бабанов мырза президент болуп шайланып калса, Торобаев мырза премьер-министрдин кызматына көрсөтүлөт.[21] Ошол эле убакыта, талапкер Камчыбек Ташиев Жээнбеков мырзаны колдоосун коомчулука билдирди, кийинчерээк ал президенттике ат салышуудан баш тартты.

Шайлоо аркылуу келген кызматтарда аялдардын саны өтө аз бойдон калууда. Учурда 120 парламент мүчөлөрүнүн ичинен (ПМ) 19 аял, ал эми 22 өкмөт мүчөлөрүнүн ичинен 3 аял, 9 областагы ыйгарым өкүлдөрдун арасында бир да аял киши көрсөтүлгөн эмес. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектештери тарабынан, өнөктүктүн штатындагы жумучулардын арасында эркектердин саны көп болуусу байкады.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМсы административдик ресурстарды колдонулуп, добуш берүүчүлөргө басым көрсөтүлүп жаткандыгы жана добуштарды сатып алуу тууралуу маалыматтарды алды. Мындай окуялар айрым медиа каражаттарында айтылып өтүп, айрыкча университеттердин студенттерин бир талапкер үчүн добуш берүүсү жөнүндө айтылды. 21-сентябрда премьер-министр Сапар Исаков премьер-министрдин орун басары Дүйшөнбек Зилалиевди Президенттик шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча штабтын жетекчиси кызамытанан бошотту. Анын себеби, Д. Зилалиев Баткен шаарында өткөн жолугуушунун жүрүшүндө талапкер Жээнбековго добуш берүүгө үндөгөнү болду.

---

20 Айрым жарандардын, анын ичинде мамлекеттик кызматкерлердин, кайрымдуулук жана диний уюмдардын кызматкерлерининин, жашы жете электердин өнөктүккө катышуусуна мыйзам тарабынан тыюу салынган. Өнөктүк материалдарынын көчүрмөлөрү БШКна тапшырылышы керек. Иш жүзүндө, талапкерлер мындай материалдарды таратуунун алдында гана БШКна тапшырат, андыктан, материалдын мазмуну алдын ала *де факто* бекитилген болуп калат.

21 Конституцияга ылайык, президент парламенттик көпчүлүккө ээ болгон партия же коалиция сунуштаган премьер-мининстрди дайындайт.

Шайлоо өнөктүгү талапкердин өз каражаттарынан, ошондой эле жарандардын же юридикалык жактардын тарабынан каржыланышы мүмкүн.[22] Талапкерлер мамлекет тараптан каржыланбайт. Июнь айында, шайлоо өнөктүгүнө багытталган өз жана жарандардан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу боюнча чектөөлөр жогорулап, ал эми өнөктүккө сарпталган каражат боюнча чектөөлөр мыйзамдан алынып салынды.[23]

Эреже боюнча, талапкерлер банкта атайын эсеп ачып, өнөктүккө керектелген бардык каражаттар ошол эсепке салынат. Талапкерликке жана өнөктүккө байланыштуу бардык чыгымдар ушул эсептен алынат.[24] БШКсы жума сайын ушул эсептерге келип түшкөн, сарпталган жана эсепте калган каражат тууралуу маалыматты жарыялап турат.[25] Шайлоо жөнүндө мыйзам шайлоо өнөктүгүнө сарпталган каражаттын келип чыгуу булагын билдирүүнү талап кылбайт. БШКнын жобосуна ылайык, шайлоо күнүнө 10 калганда киреше жана чыгаша боюнча алдын ала отчет тапшырылып, ал эми финалдык отчет шайлоо өткөндөн кийин 10 күндүн ичинде тапшырылышы керек. Бул отчеттор БШКнын аудит тобу тарабынан тескелип, өнөктүк жүргүзүүнүн талаптарына ылайык келгенин аныкталат. Аудиттин жыйынтыгын коомчулукка жарыялоо боюнча талап жок.

## IX. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

Конституция сөз эркиндигине кепилдик берет жана аны камсыздоо үчүн “жалаа” деген доомат менен журналистти кылмыш-жаза кодекси аркылуу куугунтуктоого тыюу салат. Бирок, 2014-жылдын май айында Кылмыш-жаза кодексине бир нече толуктоолор киргизилип, анын ичиндеги “билип туруп жалган айтуу” деген берене журналистти *де-факто* кылмыш жазасына тартууга жол берет.[26] Жарандык кодекстеги “жалаа” деген беренеси боюнча зыяндын олчомуно чек жок болгондуктан, жергиликтүү жана эл аралык ӨЭУлар мындай айып үчүн коюлган доолордун суммасы эбегейсиз зор болуп жатканын айтышууда.[27] Мындан сырткары, “Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигин гарантиясы жөнүндө” мыйзамына ылайык, президент жогорку деңгээлдеги коргоого алынат экен, жана Президенттин аброюна шек келсе, “жалаа” беренесии аркылуу Башкы прокурор президенттин атынан өзү ЖМКна каршы сотко кайрылууга укугу бар экен.[28]

---

[22] Чет өлкөлүк булактардан жана жарандыгы жок жактардан, өкмөткө тиешелүү болгон мамлекеттик уюмдардан жана ишканалардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан, салык жана социалдык жактан коргоо уюмдарынан, ошондой эле жашыруун донорлордон каражат алууга тыюу салынат.

[23] Талапкер 15 миллион сом, ал эми жеке же юридикалык тарап 50 миллион сомго чейин каражат бере алат.

[24] Өмүрбек Текебаев жана Исхак Масалиев мырзалардын талапкерлигинин катталбай калышынын себеби – шайлоочудардын кол тамгасын чогултууда чыгымдар шайлоо фондунан алынган эмес. Мындай жол менен чогултулган кол тамгалар жараксыз деп таанылган.

[25] 18-сентябрга карата эң чоң каражат сарптаган талапкерлер- Бабанов (124 миллион сом), Жээнбеков (46 миллион сом) жана Сариев (26 миллион сом).

[26] ЕККУнун сөз эркиндиги боюнча өкүлү (СЭӨ) вето койгонуна карабастан бул өзгөртүүгө Президент кол койду.

[27] 2015-жылдын декабрь айында ЕККУнун сөз эркиндиги боюнча өкүлү “абройго шек келтиргендиги үчүн алынуучу жаза пулдун өтө чоң өлчөмү Кыргызстандагы сөз эркиндигине коркунуч жаратат” деп эскертти.

[28] Эң акыркы каралган иштерге *Заноза* жаңылыктар вебсайтынын негиздөөчүсү *Pro Media* ӨЭУна жана аны негиздөөчүлөрүнүн бирөөнө каршы козголгон 5 иш кирет. Президентти кемсинтти деген айыптын негизинде жалпысынан 27 миллион сом жаза пулду төлөп берүү талап кылынган. 2017-жылдын август айында президентке ушул иштердин төртөө боюнча 24 миллион сом төлөндү. Бешинчи иш дагы эле каралууда. Мындан тышкары, Башкы прокурор “Кыргыз Республикасынын президентинин иш-аракеттеринине карата гарантиясы жөнүндө” мыйзамынын 4-беренесине ылайык, “*Адилет*” *укук-клиникасы* ӨЭУна 3 миллион сом айып пулу салынган, 2017- жылдын июнь айында ал сумма төлөндү. 2017 - жылдын март айында *Радио Азаттыкка* каршы 2 иш козголуп, жалпысынан 20 миллион сом талап кылынган, кийинчерээк ал иштер жабылган.

Медиа эксперттер ЕККУ/ДИАУБ ШБМна билдиргендей, Кылмыш кодексинин 299-беренеси ("улуттук, этностор аралык, расалык, диний жана аймактык белги боюнча козутуу") сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга туура келбейт.[29] 12-сентябрда Биринчи май райондук соту журналист Зулпукар Сапановду ушул берененин негизинде төрт жылга эркинен ажыратты.[30] Сапанов мырза бул чечимди апелляцияга берди. Андан сырткары, 22-августта Биринчи май райондук соту "Сентябрь" телеканалын экстремисттик мазмунду жарыялады деген күнөө менен жабып салуу чечимн чыгарды. Сот бул чечимди чыгарууда "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" жана "Телеберүү жана радиоуктуруу жөнүндө" жана "Экстремисттик аракеттерди бөгөттөө" мыйзамдарына таянды.

Кыргызстанда ЖМКы Адилет министрлигинде катталат экен. Жарнама рыногунун чакандыгынан улам, бир да ЖМК экономикалык жактан туруктуу эмес. Менчик ЖМКлардын ээлери ким экендиги ачык-айкын эмес. ЕККУ/ДИАУБ ШБМнын маектештери менчик телеканалдар саясатчыларга тиешеси бар деп эсептешет, ал эми коомдук теле каналдар бийликтен көз каранды деп эсептешет. Телеканалдардын жаңылыктар бөлүгүндө берилген маалымат ачык же жашыруун түрдө төлөнгөн маалыматтар болгондуктан, жалпыга берилүүчү калыс маалымат азайууда. Ошол эле кезде, жалпысынан алганда, интернеттеги сөз эркиндиги чектелген эмес, онлайн түрдөгү жаңылыктар альтернативдүү маалыматты камсыз кылууда.

БШКсы 22-сентябрдан тарта, үгүт башталгандан 12 күндөн кийин, талапкерлер үчүн *КТРК, ЭлТР* телеканалдарында жана *Биринчи радиодо* прайм таймда акысыз убакыт бөлүп берүүдө.[31] Буга кошумча, ушул эле каналдарда дебаттар да өткөрүлөрү жарыяланды.

Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, ЖМК элге калыс маалымат берүүгө жана ошол эле кезде, талапкерлерге бирдей мамиле кылууга тийиш. Бирок, мыйзамдын аткарылышын көзөмөлдөгөн бир да институт жок экен. ЖМКлар "Шайлоо өнөктүгүн", ошондой эле БШКнын иш-чараларын, ошондой эле толонгон онлайн матреиалдарды чагылдыруу үчүн, БШКнын аккредитациясын алуусу абзел экен.[32] Эгер ЖМК мыйзамды бузса, БШКсы анын аккредитациясын каалаган убакта алып салууга укугу бар экен.

10-сентябрда ЕККУ/ДИАУБ ШБМ төрт телеканалды жана үч гезитти саясатчылардын эфирге чыгуусун сандык жана сапаттык жактан байкоосун баштады.[33]

## X. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН ШАЙЛООДОГУ ОРДУ

Конституцияда бекемделгендей, Кыргызстан ар кайсы улуттун өкүлдөрүнөн турган мамлекет, андыктан этностор аралык кодулоого жол бербөө жана ар бир улуттун өкүлүнө бирдей мамиле жасоо Конституцияда жана башка мыйзамдарда көрсөтүлгөн. Улуттук азчылыктар жөнүндө мыйзам жок, ошол эле убакытта улуттар аралык дискриминацияга каршы да атайын мыйзам жок, бирок дискриминацияга каршы беренелер кылмыш-жаза кодексинде көрсөтүлгөн.

---

[29] 2016-жылдын август айында 299-беренеге кабыл алынган өзгөртүү ачык же ЖМК аркылуу кастыкты козутуу үчүн жазаны 1-3 жылдан 4-7 жылга көбөйткөн.

[30] Сапанов мырза бардык Түрк элдерин биригүүгө үндөгөн жана ошол эле убакта башка диндин өкүлдөрүнө каршы тукурган китепти басып чыгарган деген айып менен сот тарабынан эркинен ажыратылды.

[31] БШК *КТРК* жана *ЭлТР* телеканалдарында жана *Биринчи радионун* эфиринен өнөктүктүн жалпы мөөнөтү үчүн акысыз 30 жана 15 мүнөттөн бөлүп берди. Ал эми шайлоо мыйзамына ылайык, ар бир иш күнгө 1 сааттык акысыз эфир бардык талапкерлердин ортосунда бирдей бөлүнүп берилиши керек. Буга кошумча, *Эркин-Тоо* жана *Кыргыз Туусу* гезиттеринде мамлекет тарабынан каржыланган акысыз бош аянт бөлүнүп берилүүдө.

[32] БШКнын Аккредитация боюнча эрежелери менен таанышып чыгыңыз (орус тилинде).

[33] Телеканалдар: мамлекеттик *ЭлТР* жана коомдук *КТРК*, коммерциялык *НТС* жана дагы башка 7 канал. Гезиттер: *Дело №, Супер Инфо* жана *Вечерний Бишкек*. Ошондой эле, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Jalbyrak.tv жана kaktus.media ЖМКларында өтүп жаткан өнөктүккө да байкоо жүргүзүлүүдө.

Кыргызстан көп улуттуу өлкө, алардын ичинен кыргыз улуту калктын 73% түзөт. Экинчи көп сандагы улут – бул өзбек улуту, ал калктын 14,6% түзүп, алардын көпчүлүгү Ош жана Жалал-Абад облустарында отурукташкан. Дагы башка көп сандагы улуттарга – орустар (5,8%), дунгандар, тажиктер жана уйгурлар (ар бири 1%) кирет.[34]

Конституция боюнча кыргыз тили – мамлекеттик тил, ал эми орус тили – расмий тил болуп эсептелет. БШКсы добуш берүүчүлөр үчүн маалыматты кыргыз жана орус тилдеринде гана басып чыгарды. Улуттук азчылыктардын саны өздөрү көпчүлүк болуп жашаган жерлердеги аймактык шайлоо комиссиясынын курамында аз көрсөтүлгөн. ЕККУ/ДИАУБ ШБМнын байкашынча, улуттар аралык тынчтык жана биримдик көйгөйү айрым талапкерлердин үгүттөө программасында көп кездешет.

## XI. АРЫЗДАР ЖАНА АППЕЛЯЦИЯЛАР

Добуш берүүчүлөр, талапкерлер жана алардын өкүлдөрү жана байкоочулары, саясий партиялар, ӨЭУлар жана алардын байкоочулары шайлоо укуктарынын бузулгандыгы тууралуу арыздарды тапшыра алышат. Арыздарды шайлоо комиссияларына, милицияга жана прокурордун кеңселерине тапшырса болот.[35] Шайлоо комиссияларынын чечимдерин, аракеттерин же кайдыгер мамилесин, андан жогору турган шайлоо комиссиясына арыз тапшыруу менен кайрылууга болот. БШКга каршы арыздарды тапшыруу жана анын чечимин аппеляцияга берүү үчүн Бишкек шаарынын Райондор аралык сотуна (БРС) кайрылуу керек. БРСнун кабыл алынган чечимдери боюнча аппеляция Жогорку сотко берилип, анын чечими соңку болуп эсептелет. Арыздар жана аппеляциялар, арыздануучу мыйзамсыз иш-аракеттер аткарылып же чечимдер кабыл алынгандыгын билген убакыттан кийин эки күндүн ичинде, ал эми шайлоо комиссиясынын чечимдери боюнча арыз үч күндүн ичинде тапшырылышы керек. Бирок БШКнын чечимдери боюнча арыздануу мөөнөтү мыйзамда белгиленген эмес.[36] Шайлоо комиссиялары шайлоонун алдында келип түшкөн арыздар боюнча чечимдерин үч күндүн ичинде кабыл алышы керек, айрым учурларда, кошумча иликтөө жүргүзүү үчүн бул мөөнөт 5 күнгө чейин узартылышы мүмкүн.

Арыздарды кароо үчүн БШК бир нече топту түздү. БШКсы арыздарды Интернет аркылуу каттап, арыздардын жалпыга ачык-айкын чечилишин камсыздайт.[37] БШКсы тарабынан 40 арыз каралды, алардын көбүнчөсүн талапкерди каттоо, талапкерлер жана ЖМКы тарабынан өнөктүктү өткөрүү жолдорунун бузулушу, ошондой эле административдик ресурстардын пайдаланылышы түзөт. Акыркы административдик ресурсту пайдалануу боюнча арыздардын бири болуп, университет студенттеринен белгилүү бир талапкерге (С. Жээнбеков) добуш берүүсүн мугалимдер тарабынан талап кылуусу эсептелинет.[38] Шайлоо өнөктүгүндө мыйзам

---

[34] Улуттук статистика комитетинин маалыматынын негизинде.

[35] Милиция жана айыптоочу шайлоо укуктарынын бузулушу жөнүндө айтылган куру сөздөрдү иликтешет.

[36] БРСнун чечими боюнча Исхак Масалиев, Канатбек Исаев жана Камила Шаршекеева талапкер катары катталбай калгандыгы жөнүндө БШКнын чечими чыккандан кийин эки күндүн эмес, үч күндүн ичинде сотко кайрылгандыктан алардын арыздарын четке какты.

[37] Бирок, БШКна каршы тапшырылган арыздар жарыяланбайт.

[38] Талапкер Жээнбековду колдоого үгүттөгөн Ош аймагындагы жергиликтүү мамлекеттик кызматкердин үсүнөн келип түшкөн арыздын негизинде, БШКсы өкмөткө ал мамлекеттик кызматкерди ээлеген ордун бошотуусун сунуштады. Жалал-Абад мамлекеттик унивеситетинин студенттерин талапкер Жээнбековго добуш берүүгө мажбурлоо боюнча келип түшкөн арызга далил табылбагандыктан, ал жокко чыгарылды. Ал эми Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын мугалими студенттерди ошол эле талапкерге добуш берүүгө үндөгөн мугалимдин үстүнөн келип түшкөн арызды Башкы прокурордун кеңсесине тапшырды.

бузган материалдар үчүн БШКсы талапкер Бабановко эскертүү берди.[39] Бир нече арыз участкалык шайлоо комиссиясына келип түштү.[40]

Азырынча, БРС жана Жогорку сот БШКсы кабыл алган чечимдердин канаатандырды. Соттун чечимдери тандалуу жолу менен расмий вебсайтта кечиктирилип жарыялanууда.[41]

## XII. КООМДУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамда каралгандай, шайлоого байкоо жүргүзүү, шайлоонун баардык административдик денгээлинде өтөт.Байкоочулар талапкерлер, ӨЭУдар жана эл аралык уюмдар аркылуу дайындалат. Парламенттин мүчөлөрү, мамалекттик кызматкерлер, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, соттор, прокурорлор жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери мыйзам боюнча байкоочу болууга тыюу салынган.

Байкоочунун акредитациясын алуунун чектелген мөөнөтү мыйзамда да, БШКнын жоболорунда да бекитилген эмес. Коомдук байкоочулар акредитацияны алыш учун тийешелүү ӨЭУдардан алынган жазуу түрүндөгү тастыктоочу документти жана өзү жөнүндөгү маалыматты байкоо жүргүзүлө турган жериндеги шайлоо комиссиясына бериши керек. 2017-жылы киргизилген өзгөртүүлөр жана тоолуктоолордун негизинде чектөө киргизүү менен, ар бир шайлоо комиссиясына ӨЭУдын бир байкоочусуна жана талапкердин эки байкоочусуна уруксат берилген. ЕККУ/ДИАУБ ШБМнын жарандык коомчулуктагы маектештери белгилегендей, аккредитация алуу процесси өтө бюрократиялаштырып, айрым төмөнкү деңгээлдеги комиссиялар аккредитация эрежелерин ыраатсыз колдонуп жатышат.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМнын жарандык коомчулуктагы маектештери 2017-жылы киргизилген укуктук өзгөртүүлөрдү, анын ичинде жарандык байкоочулардын шайлоо жыйынтыгын аппеляцияга берүү укугун алып салуусун, коомдук байкоо мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, натыйжада анын майнаптуулугун төмөндөтүү аракети катары баалоодо. Жарандык платформа, Демократия жана жарандык коом үчүн Коалиция жана *Таза Шайлоо* сыяктуу жарандык байкоочулардын тобу өлкөнүн бардык аймактарында шайлоонун жүрүшүнө узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүп келет.

## XIII. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ АТКАРГАН ИШ-ЧАРАЛАР

5-сентябрда Бишкек шаарында өткөн пресс-конференцияда ЕККУ/ДИАУБ ШБМсы расмий түрдө ачык деп жарыяланды. Миссиянын башчысы БШКнын төрайымы, Тышкы иштер министрлигинин мамлекеттик катчысы, Жогорку соттун төрайымынын орун басары жана дипломаттык өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрдү. Бүгүнкү күнгө чейин ЕККУ/ДИАУБ ШБМсы катталган он үч талапкердин алтоосу, БШКсы, шайлоого байланышы бар мамлекеттик институттар, талапкерлердин штабынын өкүлдөрү, саясий партиялар жана ЖМКы менен менен жолукту. 22-сентябрда дипломаттык өкүлчүлүктөр үчүн атайын брифинг өткөрүлдү.

---

39 Жээнбеков мырзанын ыйгарым өкүлү Бабановдун премьер-министр болуп турган учурдагы сүрөтүн билбордго тагып койгонуна байланыштуу БШКна арызданды. Ал сүрөт 2012-жылы Бабановдун Ош облусуна болгон иш сапарында тартылган. Ошол кездеги Ош облусунун губернатору Жээнбеков мырза да бул сүрөттө көрсөтүлгөн.

40 Өнөктүк постерлеринин мыйзамсыз тагылышы жөнүндө арыздар Аламүдүн жана Талас аймактык шайлоо комиссияларына келип түштү.

41 Расмий вебсайтка жайгаштырылган соттун чечимдери кыскартылган ат менен чыгат. 2017-жылдын август жана сентябрь айларындагы БРС жана Жогорку соттун БШКна каршы болгон чечимдери жарыялана элек.

ЕККУнун парламенттик ассамблеясы, Европа кеңешинин парламенттик ассамблеясы жана Европа парламенти шайлоо боло турган күнү өлкөгө байкоочулардын делегациясын жөнөтө турганын жарыялашты. ЕККУнун учурдагы төрагасы Азай Гулиев мырзаны шайлоо учурунда ЕККУнун байкоочуларынын атайын координатору жана кыска мөөнөттүк миссиясынын башчысы кылып дайындады.

***Англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет.***
***Бул отчетту кыргыз жана орус тилдеринде окууга болот.***